Долбоор

## “Нарын” эркин экономикалык чөлкөмүндө товарларды жылдыруунун тартиби

### 1. Жалпы жоболор

1. “Нарын” эркин экономикалык аймагында товарларды жылдыруунун ушул Тартиби (мындан ары – Тартип) “Бажылык жөнгө салуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 249-беренесине ылайык **Евразия экономикалык биримдигинин Бажы кодексинин 455-беренесин** ишке ашыруу үчүн иштелип чыккан жана “Нарын” эркин экономикалык чөлкөмүндө(мындан ары – “Нарын” ЭЭЧ) эркин бажы чөлкөмү жол-жобосун колдонууну, “Нарын” ЭЭЧда товарларды эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосуна киргизүүнүн өзгөчөлүктөрүн, “Нарын” ЭЭЧнын аймагында товарларды колдонуунун өзгөчөлүктөрүн, “Нарын” ЭЭЧнын аймагынан товарларды чыгарууда декларациялоонун жана эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосун аягына чыгаруунун, “Нарын” ЭЭЧда товарларды текшерүүнүн өзгөчөлүктөрүн, “Нарын” ЭЭЧнын аймагын жайгаштырууга жана тосууга болгон талаптарды аныктайт.

Ушул Тартипте төмөнкү аныктама колдонулат:

**“Нарын” ЭЭЧнын аймагында жасалган товарлар** – “Нарын” ЭЭЧнын субъектисинин “Нарын” ЭЭЧнын аймагында эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосуна киргизилген чет элдик товарлардан жасалган товарлар, ошондой эле “Нарын” ЭЭЧнын аймагында эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосуна киргизилген Евразия экономикалык биримдигинин (мындан ары – Биримдиктин) товарларын колдонуу менен, чет элдик товарлардан жасалган товарлар.

Ушул Тартипте колдонулган бардык терминдер бажылык укук мамилелерин Евразия экономикалык биримдигинин укугун түзүүчү эл аралык келишимдер жана актылар (мындан ары – бажылык жөнгө салуу чөйрөсүндөгү эл аралык келишимдер менен актылар) жана бажылык жөнгө салуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынуучу Евразия экономикалык биримдигинин Бажы кодексинде (мындан ары – Кодекс) аныкталган маанилерде колдонулат.

### 2. “Нарын” ЭЭЧнын аймагында эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосун колдонуунун өзгөчөлүктөрү

2. “Нарын” ЭЭЧнын эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосу “Нарын” ЭЭЧнын субъектилеринин товарларына карата аларды ушул Тартипке ылайык жабдылган “Нарын” ЭЭЧнын аймагында жайгаштырууда колдонулат.

3. Ушул Тартипке ылайык жабдылган жана анда эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосу колдонулган “Нарын” ЭЭЧнын субъектисинин аймагы, бажы текшерүүсүнүн чөлкөмү болуп саналат.

4. Чектеш чет мамлекеттин аймагынан “Нарын” ЭЭЧнын субъектисинин дарегине “Нарын” ЭЭЧнын аймагына ташылып кирүүчү товарлар, ушул тартиптин 5-пунктунда көрсөтүлгөн учурларды кошпогондо, бажылык декларациялоого жатпайт.

5. Чектеш чет мамлекеттин аймагынан “Нарын” ЭЭЧнын субъектисинин дарегине “Нарын” ЭЭЧнын аймагына ташылып кирүүчү товарлар, төмөнкү учурларда бажылык декларациялоого жатат:

1) ушундай товарларды “Нарын” ЭЭЧнын аймагынан ташып чыгууда;

2) ушундай товарларды “Нарын” ЭЭЧнын субъектисинин тандоосу боюнча декларациялоодо;

3) “Нарын” ЭЭЧнын субъектисинин же “Нарын” ЭЭЧнын Башкы дирекциясынын кыймылсыз мүлк объектилерин жана (же) инфратүзүмүнүн объектилерин куруу жана (же) кайра куруу үчүн товарларды ташып кирүүдө;

4) “Нарын” ЭЭЧнын субъектисинин Кодекстин 205-беренесинин 1-пунктунун 4-пунктчасында аныкталган операцияларды жасоо үчүн, “Нарын” ЭЭЧнын аймагына товарларды ташып кирүүдө.

Ушул пунктта көрсөтүлгөн учурларда, товарлар аларды колдонуу башталганга чейин, жана аларды “Нарын” ЭЭЧнын субъектисинин аймагына ташып кирүүдөн 4 ай өткөнгө чейин бажылык декларациялоого жатышат.

6. Ушул Тартиптин 5-пунктунун 1-пунктчасынын жоболору, чектеш чет мамлекеттин аймагынан “Нарын” ЭЭЧнын аймагына, почта байланышынын дайындалган операторунун“Нарын” ЭЭЧнын аймагынын чектеринен сыртка кийин ташып чыгууга жатуучу почта жөнөтүүлөрүн түзүү максаттары үчүн ташылып кирүүчү товарларга карата колдонулбайт, алардын өзгөчөлүктөрү ушул Тартиптин 4-бөлүмү менен аныкталган.

7. Ушул Тартиптин 4-пунктунда көрсөтүлгөн товарларга карата, “Нарын” ЭЭЧнын субъектисинин аймагында төмөнкү операцияларды жасоого жол берилет:

1) сактоо боюнча;

2) товарларды жүктөө (түшүрүү) боюнча жана сактоо менен байланышкан башка жүк операцияларын;

3) товарлардын сактоону камсыздоо үчүн зарыл, ошондой эле товарларды ташууга даярдоо боюнча кадимки операцияларды, партияны бөлүштүрүүнү, жөнөтүүлөрдү түзүүнү, сорттоону, таңгактоону, кайра таңгактоону, эн-тамгалоону кошо, товардык сапаттарын жакшыртуу боюнча операцияларды;

4) бажы алымдарын, салыктарын, атайын, антидемпингдик, кенемтелөөчү алымдарды төлөөсүз, ошондой эле чет элдик товарларга карата тарифтик жана тарифтик эмес жөнгө салуу чараларын жана жана Евразия экономикалык биримдигинин (мындан ары - Биримдик)

товарларына карата тыюу салуулар менен чектөөлөрдү колдонуусуз эл аралык почта жөнөтүүлөрүнүн партияларын түзүү боюнча.

8. “Нарын” ЭЭЧнын субъектилеринин эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосуна киргизилген товарлары, “Нарын” ЭЭЧнын субъектисинин аймагында бажы алымдарын, салыктарын, атайын, антидемпингдик, кенемтелөөчү алымдарды төлөөсүз, ошондой эле чет элдик товарларга карата тарифтик жана тарифтик эмес жөнгө салуу чараларын жана Биримдиктин товарларына карата тыюу салуулар менен чектөөлөрдү колдонуусуз колдонушат жана керектешет.

9. Төмөнкү товарлар эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосуна кирбейт:

1) бажылык жөнгө салуу чөйрөсүндөгү эл аралык келишимдер менен актыларга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосуна киргизүүгө тыюу салынган товарлар катары аныкталгандар.

2) “Нарын” ЭЭЧнын субъектисинин аймагына жүктөрдү, жүргүнчүлөрдү жана (же) жол жүгүн ташуучу жана (же) “Нарын” ЭЭЧнын субъектисинин аймагынан товарларды ташуучу транспорт каражаттары, ошондой эле ушундай транспорт каражаттарынан орун алган жабдуулар;

3) "Нарын" ЭЭЧнын аймагынын жана "Нарын" ЭЭЧнын субъектисинин аймагынын коопсуздугун камсыз кылуу, инфратүзүм объекттерин пайдалануу боюнча акыркы функцияларды жүзөгө ашыруу үчүн "Нарын" ЭЭЧнын субъектисинин аймагына жана "Нарын" ЭЭЧнын башкы дирекциясынын дарегине "Нарын" ЭЭЧнын субъекттери болуп эсептелбеген жактар тарабынан ташылып келинген товарлар;

4) “Нарын” ЭЭЧнын аймагына Кыргыз Республикасынын аймагынан “Нарын” ЭЭЧнын Башкы дирекциясы жана “Нарын” ЭЭЧнын субъектилери ташып кирүүчү, алардын кызмат өтөөсүн, кыймылсыз мүлк объектилерин түзүүнү жана аларды тиешелүү абалда кармоону камсыздоо менен байланышкан товарлар. Мындай товарларга төмөнкүлөр кирет: канцелярия товарлары, эмеректер, турмуш-тиричилик жана кеңсе техникасы, компьютерлер, курулуш материалдары, жабдуулар жана алардын бөлүктөрү.

Ушул Тартиптин 4-пунктунда жана ушул пункттун 3, 4-пунктчаларында көрсөтүлгөн товарларды ташып кирүү, “Нарын” ЭЭЧнын, “Нарын” ЭЭЧнын субъектисинин товарларды ташып кирүүнүн эсепке алуу журналында каттоо менен жүргүзүлөт.

Бажы декларациясына кирбеген товарлардын эсепке алуу журналы, өзүндө товарларды жөнөтүүчү, товарлардын аталышын, ЕАЭБдин ТЭИ ТН кодун, саны жана наркы жөнүндө жүктү коштоочу документтерге ылайык маалыматтарды, ошондой эле жүктү коштоочу документтердин аталышы менен номерин камтууга тийиш. “Нарын” ЭЭЧнын субъектилеринин товарларын бажы текшерүүсүнүн маселелери үчүн жооптуу бажы

органынын кызматчысы ушул журналды көктөшү, номер коюшу жана текшериши зарыл.

10. “Нарын” ЭЭЧнын аймагына “Нарын” ЭЭЧнын субъектилери болбогон дарегине жана аймактары жабдуу талаптарына жооп бербеген “Нарын” ЭЭЧнын субъектилеринин дарегине ташылып кирүүчү чет элдик товарлар, Кодексте жана Кыргыз Республикасынын бажылык жөнгө салуу чөйрөсүндөгү мыйзамдарында аныкталган тартипте, мөөнөттөрдө жана шарттарда башка бажы жол-жоболоруна киргизүүгө жатат.

## 3. “Нарын” ЭЭЧда бажылык операцияларды жасоонун жана товарларды колдонуунун өзгөчөлүктөрү

11. “Нарын” ЭЭЧнын ушул Тартипке ылайык жабдылган субъектисинин аймагына, чектеш чет мамлекеттин аймагынан ташылып кирүүчү товарларга карата, Кодекстин 11 жана 203-беренелерине ылайык берилүүчү келүү жана алдын ала маалымдоо жөнүндө билдирүүлөрү талап кылынбайт.

Мында “Нарын” ЭЭЧнын субъектисинин аймагындагы бажылык текшерүү чөлкөмүнө товарларды ташуучу жеткирет.

12. Ушул Тартиптин 11-пунктунда көрсөтүлгөн товарларды кошпогондо чет элдик товарларга төмөнкүлөр тийиш:

- жүк ташуучунун же декларанттын "Нарын" ЭЭЧнын аймагында жайгашкан бажы органына товарлардын келгендиги жөнүндө ушул Тартиптин 13-пунктунда каралган документтерди жана маалыматтарды берүү жолу менен билдирүүсү;
- “Нарын” ЭЭЧдагы бажылык текшерүү чөлкөмүнө ташуучунун жеткирүүсү.

Анан да бажы органына келүү жөнүндө билдирген учурдан баштап үч саат жумуш убактысы ичинде, товарлардын декларанты бажылык декларациялоого жатуучу товарларга карата, төмөнкүлөр менен байланышкан бажы операцияларынын бирин жасоого милдеттүү:

1) товарларды “Нарын” ЭЭЧнын субъектисинин аймагына жайгаштыруу менен;
2) товарларды ушул Тартиптин 10-пунктунда көрсөтүлгөн жактардын дарегине ташып кирген учурда, товарларды убактылуу сактоого жайгаштыруу менен;
3) товарларды келген ордунан убактылуу сактоо ордуна чейин ташып жеткирүү менен;
4) товарларды бажы декларациялоо менен;
5) товарларды Евразия экономикалык биримдигинин аймагынан ташып чыгуу менен.

13. “Нарын” ЭЭЧнын аймагында жайгашкан бажылык текшерүү чөлкөмүнө товарлар жана транспорт каражаттары келген учурда ташуучу төмөнкү документтерди жана маалыматтарды берет:

1. документтерди:

- транспорт каражатына документтер;
- транспорттук (ташуучу) документтер;
- ташылуучу товарларга ташуучунун колунда бар коммерция документтери;

2. маалыматтарды:

- товарларды жөнөткөн өлкөнүн жана товарлар багышталган өлкөнүн аталышын;
- товарларды жөнөтүүчүнүн жана алуучунун аталышын;
- жүк орундарынын саны жөнүндө, алардын эн-тамгалануусу жөнүндө жана товарлардын таңгактарынын түрлөрү жөнүндө;
- ири көлөмдөгү жүктөрдү кошпогондо, товарлардын аталышы, товарлардын дүң салмагы (килограмм менен) же болбосо товарлардын көлөмү (куб метр менен);
- аларды Евразия экономикалык биримдигинин бажы аймагына ташып кирүүгө тыюу салынган же чектөө коюлган товарлардын бардыгы жөнүндө.

14. “Нарын” ЭЭЧнын аймагында жайгашкан бажылык текшерүү чөлкөмүнө товарларды ташып кирүүдө, ушул Тартиптин 13-пунктуна ылайык тапшырылган документтер менен маалыматтар, “Нарын” ЭЭЧна товарларды ташып кирүү жөнүндө билдирүү болуп саналат.

15. Эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосуна киргизилүүчү товарлардын декларанты “Нарын” ЭЭЧнын субъектиси болуп саналат.

“Нарын” ЭЭЧнын субъектисинин аймагынан товарларды жылдырууда, эгерде жак “Нарын” ЭЭЧнын субъектиси макамын жоготкон учурда, товарлардын декларанты ошол товарларга менчик укугуна ээ болгон жак болот.

16. Эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосунун иш-аракети бүткөндө товарлардын декларанты төмөнкүлөр болуп чыга алышат:

1) эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосуна киргизилген товарлардын декларанты же “Нарын” ЭЭЧнын товарларды даярдоочусу болуп саналган “Нарын” ЭЭЧнын субъектиси;

2) ага “Нарын” ЭЭЧнын аймагында эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосуна киргизилген товарларга жана (же) “Нарын” ЭЭЧнын аймагында жасалган товарларга ээлик кылуу, колдонуу жана (же) тескөө укуктары берилген “Нарын” ЭЭЧнын субъектиси же башка жак;

17. “Нарын” ЭЭЧнын субъектилеринин аймагында, эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосуна киргизилген товарларга жана “Нарын” ЭЭЧнын аймагында жасалган товарларга карата, Кодекстин 205-беренесинин 1-пунктунда аныкталган ар кандай операцияларды жасоого, эгерде андай операциялар “Нарын” ЭЭЧнын Башкы дирекциясы менен Нарын ЭЭЧнын ишинин шарттары жөнүндө макулдашуунун (келишимдин) шарттарына ылайык келсе,
жол берилет,

18. “Нарын” ЭЭЧда “Нарын” ЭЭЧнын Башкы дирекциясы менен макулдашылып аймакты өнүктүрүү үчүн түзүлгөн атайын аянтчаларда (комплекстерде, борборлордо) эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосуна киргизилген товарларга жана “Нарын” ЭЭЧда жасалган товарларга карата башка операциялар менен катар, Кодекстин 205-беренесинин 1-пунктунун 4-пунктчасында көрсөтүлгөн товарларды чыгымдоого (керектөөгө) караганда, товарларды башка керектөөгө жол берилет.

Атайын аянтчалардын (комплекстердин, борборлордун) аймагы ушул Тартипте аныкталган талаптарга ылайык жабдылышы зарыл.

Атайын аянтчаларда (комплекстерде, борборлордо) “Нарын” ЭЭЧнын субъектилери гана ишин жүзөгө ашыра алат.

19. “Нарын” ЭЭЧнын аймагында ушул Тартиптин 18-пунктуна ылайык жерлерде, эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосуна киргизилген товарларды жана “Нарын” ЭЭЧнын аймагында жасалган товарларды башка керектөө деп, төмөнкүлөр түшүнүлөт:

1) “Нарын” ЭЭЧнын субъектисинин товарларды “Нарын” ЭЭЧда ишти жүзөгө ашыруу жөнүндө келишимге ылайык керектөөсү

2) “Нарын” ЭЭЧнын субъектисинин чет элдик товарларды жана Биримдиктин товарларын физикалык жактарга сатып өткөрүүсү;

3) “Нарын” ЭЭАнын субъектисинин чет элдик товарларды жана Биримдиктин товарларын жактарга интернет-сооданын жардамы менен сатып өткөрүү жана аларды “Нарын” ЭЭЧнын чектеринен сыртка ташып чыгуусу.

Ушул пункттун 1) жана 2)-пунктчаларында каралган учурларда, эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосунун иш-аракети, бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган аныктаган тартипте “Нарын” ЭЭЧнын субъектисинин отчет берүү жолу менен аягына чыгарылат.

Ушул пункттун 3)-пунктчасында каралган учурларда, эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосунун иш-аракети, товарларды бажы өкүлү, почта байланышынын ыйгарым укуктуу оператору же башка адам тарабынан, товарларды сатып алган жактын атынан жана анын тапшырмасы боюнча бажылык декларациялоо жолу менен аягына чыгарылат.

20. Товарларды башка керектөөдө ушул тартиптин 19-пунктунун 2)-пункчасына ылайык “Нарын” ЭЭЧнын аймагынан товарларды ташып чыгуу физикалык жактар тарабынан (же ошол жактардын атынан же тапшырмасы боюнча), эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосунун иш-аракетин аягына чыгаруусуз жүргүзүлөт.

Мында физикалык жактар тарабынан товарларды бажылык жөнгө салуу чөйрөсүндөгү эл аралык келишимдер менен актыларда аныкталган нарк, салмак жана (же) сан чектеринде Биримдиктин калган аймагына ташып чыгуу бажы алымдарын, КНС жана акциздик салыкты төлөөсүз жүргүзүлөт.

21. Кыргыз Республикасынын бажы иши чөйрөсүндөгү мыйзамдары же Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдары менен Кыргыз Республикасынын физикалык жактары "Нарын" ЭЭЧнын аймагынан Кыргыз Республикасынын аймагына товарларды ташып киргенде, товарларды башка керектөөдө алар үчүн бажы жыйымынын жана (же) салык жыйымынын башка түрү аныкталса болот.

22. "Нарын" ЭЭЧнын аймагына ташылып келинген жана бажы алымысыз соода бажы жол-жобосуна киргизилген чет элдик товарларды, "Нарын" ЭЭЧнын аймагындагы бажы алымысыз соода дүкөндөрүндө сатып өткөрүүгө жол берилет. Бажы алымысыз соода дүкөндөрүнө жайгаштырылган товарлар "Нарын" ЭЭЧнын аймагында жашаган, "Нарын" ЭЭЧнын аймагына келген / кеткен физикалык жактарга Кодексте, бажылык жөнгө салуу чөйрөсүндөгү эл аралык келишимдер менен актыларда жана Кыргыз Республикасынын бажы иши чөйрөсүндөгү мыйзамдарында аныкталган тартипте жана санда сатып өткөрүлө алат.

23. Бажы алымысыз сода дүкөнүнүн ээси бажы органына бажы алымысыз соода дүкөнүндө сатылып өткөрүлгөн товарлар жөнүндө маалыматты жана физикалык жактын товарларды сатып алуучунун өздүгүн күбөлөндүрүүчү маалыматты кварталына бир жолу бажы органы менен макулдашылган формада же бажы органынын суроо-талабы боюнча берет.

24. Ушул Тартиптин 19 жана 22-пункттарында көрсөтүлгөн учурларды жана ушул тартиптин 4-бөлүмүндө көрсөтүлгөн учурларды кошпогондо, "Нарын" ЭЭЧнын аймагында эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосуна киргизилген товарларды жана "Нарын" ЭЭЧнын аймагында жасалган товарларды, физикалык жактарга эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосунун иш-аракетин аягына чыгаруусуз сатып өткөрүүгө тыюу салынган.

25. Товарларды башка керектөө учурларын жана ушул Тартиптин 4-бөлүмүндө көрсөтүлгөн учурларды кошпогондо, эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосуна киргизилген товарларга жана "Нарын" ЭЭЧнын аймагында жасалган товарларга карата эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосун аягына чыгаруу Кодекстин 21-бөлүмүндө жана Кыргыз Республикасынын бажы чөйрөсүндөгү мыйзамдарында аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

## 4. "Нарын" ЭЭЧнын аймагына/аймагынан эл аралык почта жөнөтүүлөрүн ташып келүүнүн жана ташып чыгуунун өзгөчөлүктөрү

26. Эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосу иштеп жаткан "Нарын" ЭЭЧнын аймагында ишин жүргүзгөн почта байланышынын дайындалган оператору "Нарын" ЭЭАнын субъектиси катары каттала алат.

Почта байланышынын дайындалган оператору “Нарын” ЭЭЧнын субъектиси болуп катталган учурда, почта байланышынын дайындалган операторунун аймагында эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосу колдонула алат.

27. Почта байланышынын дайындалган операторунун чектеш чет мамлекеттин аймагынан “Нарын” ЭЭЧнын аймагына ташылып кирүүчү товарлар кийин Биримдиктин аймагынын чектеринен сыртка ташып чыгууга жатуучу почта жөнөтүүлөрүн түзүү максаттары үчүн, почта байланышынын дайындалган операторунун тандоосу боюнча ушундай товарларды декларациялоо учурларын кошпогондо, 4 айга чейинки мөөнөткө бажылык декларациялоого жатпайт.

28. Ушул Тартиптин 27-пунктунда көрсөтүлгөн, аларды ташып кирүү күнүнөн баштап 4 ай ичинде “Нарын” ЭЭЧнын аймагынан ташылып чыкпаган товарлар, бажылык декларациялоого жатышат.

29. Почта байланышынын дайындалган оператору тарабынан түзүлгөн ушул Тартиптин 27-пунктунда көрсөтүлгөн эл аралык почта жөнөтүүлөрү, аларды Биримдиктин аймагынын чектеринен сыртка ташып чыгууда товарларга декларация же жүргүнчү бажы декларациясы катары, Бүт дүйнөлүк почта биримдигинин актыларында каралган жана эл аралык почта жөнөтүүлөрүн коштогон документтерди колдонушат.

30. Почта байланышынын дайындалган операторунун эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосуна киргизилген товарлардан жана “Нарын” ЭЭЧнын аймагында өндүрүлгөн товарлардан түзүлгөн эл аралык почта жөнөтүүлөрү “Нарын” ЭЭЧнын аймагынан Биримдиктин бажы аймагынын чектеринен сырткары ушундай эл аралык почта жөнөтүүлөрүн Кодекстин 287-беренесинде каралган өзгөчөлүктөрдү колдонуп, бажы транзитине жайгаштыруу менен ташып чыгууга жатат. Мында эл аралык почта жөнөтүүлөрүнүн түзүлгөн партияларына карата Бүт дүйнөлүк почта биримдигинин актыларында каралган документтер, почта байланышынын дайындалган операторунун “Нарын” ЭЭЧнын аймагында тариздделет.

31. Почта байланышынын дайындалган операторунун эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосуна киргизилген товарлардан, “Нарын” ЭЭЧнын аймагында өндүрүлгөн товарлардан жана ушул Тартиптин 27-пунктунда көрсөтүлгөн товарлардан түзүлгөн эл аралык почта жөнөтүүлөрүн “Нарын” ЭЭЧнын аймагынан Биримдиктин аймагына ташып чыгуу бажы декларациялоосуна жатат. Мында Бүт дүйнөлүк почта биримдигинин актыларында каралган жана эл аралык почта жөнөтүүлөрүн коштогон документтерди, төмөнкүчө колдонула алышат:

1) жүргүнчү бажы декларациясы катары,

2) төмөнкү учурларда ички керектөө үчүн чыгаруу бажы жол-жобосуна ылайык товарларга декларация катары:

- ушундай товарларга карата бажы алымдары, салыктар төлөөгө жатпаганда;

4) ички керектөө үчүн чыгаруунун бажылык жол-жобосуна ылайык товарларга декларация катары төмөнкү учурларда:

- мындай товарларга карата бажы алымдары, салыктары төлөөгө жатпайт;

- ушундай товарларга карата тыюу салуулар менен чектөөлөр белгиленбегенде, ички рынокту коргоо чаралары көрүлбөгөндө.

32. Почта байланышынын дайындалган оператору ушундай товарлардан эл аралык почта жөнөтүүлөрүнүн партияларын түзүү боюнча операцияларды жасоо үчүн, чектеш чет мамлекеттин аймагынан бажы декларациялоосуз ташылып келинген чет элдик товарларды жана “Нарын” ЭЭЧнын аймагынан ташылып чыккан ушундай товарларды эсепке алууну жүргүзөт.

33. Почта байланышынын дайындалган оператору ушул Тартиптин 27-пунктунда көрсөтүлгөн товарлар жөнүндө маалыматты жана физикалык жактын жеке колдонуу үчүн эл аралык почта жөнөтүүлөрү менен кайра салынган товарларды алуучунун өздүгүн күбөлөндүрүүчү маалыматты кварталына бир жолу “Нарын” ЭЭЧнын товарларын текшерүүнү жүзөгө ашыруучу бажы органы менен макулдашылган формада жана ушундай бажы органынын суроо-талабы боюнча бажы органына берет.

34. Укук коргоо органы бажы органынан эл аралык почта жөнөтүүлөрү боюнча кайра алынган товарлар жөнүндө маалыматты жана физикалык жактын жеке колдонуу үчүн эл аралык почта жөнөтүүлөрү менен кайра салынган товарларды алуучунун өздүгүн күбөлөндүрүүчү маалыматты жалаң бажы иши чөйрөсүндөгү кылмыштарды жасаган жактарга карата, кылмыш иштеринин фактылары боюнча гана суроого укуктуу.

## 5. “Нарын” ЭЭЧнын товарларын контролдоо жана эсебин алуу боюнча өзгөчөлүктөр

35. “Нарын” ЭЭЧнын аймагында мамлекеттик контролдоонун радиация жана башка түрлөрү тиешелүү ыйгарым укуктуу органдар тарабынан, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте жүзөгө ашырылат.

36. Бажы органдарына жүктөлгөн радиация контролу, бажы органдарынын товарлардын Биримдиктин бажы аймагына Кыргыз Республикасындагы келүү (чыгуу) орду болуп саналган контролдоо-өткөрүү пункттары аркылуу жылдырууда жүзөгө ашырылат.

37. ”Нарын” ЭЭЧнын субъектиси эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосуна киргизилген товарлардын жана “Нарын” ЭЭЧнын аймагында жасалган товарлардын эсебин алууну жүргүзөт да, товарларды бажы жол-жобосуна жайгаштырууну жүргүзгөн бажы органына ушундай товарлар жөнүндө отчет берет.

38. Эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосуна киргизилген товарлар менен болуп өтүүчү ар кандай өзгөрүүлөр, эсепке алуу документтеринде чагылдырылат.

39. Эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосуна киргизилген товарлардын, жана “Нарын” ЭЭЧнын аймагында жасалган товарлардын эсепке алуунун жүргүзүү тартиби, ошондой эле бажы органына ушундай товарлар жөнүндө отчет берүүнүн мөөнөттөрү бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталат.

40. Бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган ушул Тартиптин 18-пунктунда аныкталган физикалык жактардын “Нарын” ЭЭЧнын аймагын кесип өтүүсүндө маалымат системасын колдонуу менен бажы текшерүүсүн жүргүзүү тартибин аныктай алат.

41.Бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган, "Нарын" ЭЭЧнын Башкы дирекциясы же "Нарын" ЭЭЧнын субъекттери "Нарын" ЭЭЧнын аймагына ушул Тартиптин 18-пунктуна ылайык атайын аянтчалардын (комплекстердин, борборлордун) аймактарында "Нарын" ЭЭЧда товарларды сатууну эсепке алуунун заманбап автоматташтырылган системасын киргизе алышат.

“Нарын” ЭЭЧнын Башкы дирекциясынын жана “Нарын” ЭЭЧнын субъектилеринин эсепке алуунун автоматташтырылган системасы "Нарын" ЭЭЧнын субъекттери бажы органдарына берген бажы органдарынын маалымат системалары менен техникалык жактан шайкеш келүүгө тийиш.

42. Бажы органынын уруксаты менен эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосуна киргизилген товарларды жана “Нарын” ЭЭЧнын аймагында жасалган товарларды Кодекстин 205-беренесинин 4-пунктунда аныкталган учурларда “Нарын” ЭЭЧнын аймагынан эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосун аягына чыгаруусуз ташып чыгууга жол берилет.

Эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосуна киргизилген товарларды жана “Нарын” ЭЭЧнын аймагында жасалган товарларды, “Нарын” ЭЭЧнын аймагынан Кыргыз Республикасынын аймагына эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосунун иш-аракетин аягына чыгаруусуз өз өндүрүшү жана технология муктаждыктары үчүн ташып чыгууга жол берилген шарттар Евразия экономикалык комиссиясы тарабынан аныкталат.

Ушул Тартиптин 42-пунктунда көрсөтүлгөн уруксатты, бажы органынын берүү тартибин, бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган аныктайт.

**6. “Нарын” ЭЭчнын аймагын жабдууга карата талаптар**

44. Иши бажы текшерүүсүнө жатпаган “Нарын” ЭЭЧнын аймагы жана “Нарын” ЭЭЧнын субъектисинин аймагы, ушул бөлүмгө ылайык тосулбайт жана жабдууга жатпайт.

45. Ушул бөлүмдүн талаптарына ылайык “Нарын” ЭЭЧнын субъектисинде анда эркин бажы чөлкөмү бажы жол-жобосунун колдонулушу жана иштөөсү каралган аймагы товарлардын сакталгандыгын, товарларга карата ыйгарым укуктарга ээ болбогон бөтөн адамдардын жетүүсүн жокко чыгарууну камсыздоо үчүн жабдылат жана тосулат.

46. Ушул Тартиптин 18-пунктунда көрсөтүлгөн атайын аянтчалардын (комплекстердин, борборлордун) аймактары товарлардын сакталышын камсыз кылуу үчүн жабдылууга тийиш жана "Нарын"ЭЭЧнын субъектисинин каалоосу боюнча бул аймакты тосуу учурларын кошпогондо, тосулбашы мүмкүн.

47. Ушул Тартиптин 45 жана 46-пункттарында көрсөтүлгөн "Нарын" ЭЭЧнын субъекттеринин аймактары транспорт каражаттарынын коопсуз жүрүүсүн камсыз кылуу үчүн белгиленүүгө жана жол төшөлүүгө тийиш.

48. Ушул Тартипптин 45-пунктунда көрсөтүлгөн “Нарын” ЭЭЧнын субъектисинин аймагын тосуу темир бетондон, бетондон, кыштан, металл конструкциялардан же болбосо ушул материалдардын айкалышынан, металл жана бетон мамылардагы тикенек зымдан турган үзгүлтүксүз конструкция болушу жана бийиктиги кеминде 2,5 метр болушу зарыл.

49. Ушул тартиптин 45 жана 46-пункттарында көрсөтүлгөн “Нарын” ЭЭЧнын субъектилеринин аймагын жабдууга төмөнкү талаптар коюлат:

1) кирүүчү жолдордун болушу (транспорттун түрүнө жараша);

2) бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган мындай аймактарда товарларды бажы тариздөөнүн ордун жана бажы контролун аныктаган учурда, бажы органдарынын товарларды бажы жол-жобосуна жана бажы контролуна киргизүүгө байланышкан бажы операцияларын жүргүзүүчү кызматкерлери үчүн кызматтык жайлардын болушу;

3) "Нарын" ЭЭЧнын субъекттеринин товарларынын жана товарларды ташуучу транспорт каражаттарынын товарларды ташуунун бажы операцияларын аяктоо үчүн зарыл болгон убакытка сакталышын камсыз кылуу үчүн аймактын корголушу;

4) ушундай аймактын периметрине, бажы текшерүүсүнө жатуучу товарлар жайгаштырылган имараттардын ичине видеобайкоо жүргүзүү системасынын болушу;

5) “Нарын” ЭЭЧнын субъектисинин аймагында же алар жайгашкан жерге жакын санитар-тиричилик ыңгайлуулуктарынын болушу;

6) “Нарын” ЭЭЧнын субъектиси менен өрт коопсуздугу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ортосунда мүмкүн болуучу өрттөрдү өчүрүү боюнча өз ара аракеттешүүнүн бекитилген планынын, ыкчам өрт өчүрүү планынын болушу, ошондой эле аймактын, курулмалар менен имараттардын Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугу жаатындагы мыйзамдарынын талаптарына шайкештиги.

7). бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын ушундай аймакта товарларды бажы тариздөө орду аныкталган учурда, товарлар менен транспорт каражаттарын бажылык текшерүү үчүн жабдылган аянтчанын, эстакаданын (же текшерүү чуңкурунун) болушу;

50. "Нарын" ЭЭЧнын субъектилеринин имараттары, сактоонун өзгөчө шарттарын талап кылуучу товарларды сактаган жана жыйнаган учурда, зарылдыгы болсо муздатуучу жабдуулар менен атайын жабдылууга тийиш.

51. "Нарын" ЭЭЧнын субъектилеринин аймактарын техникалык жабдууга төмөнкү талаптар коюлат:

1) оргтехниканын Интернет дүйнөлөшү тармагына кирүү мүмкүнчүлүгү бар компьютерлердин болушу;

3) үзгүлтүксүз электр менен камсыздоого электр агымын иштеп чыгуу үчүн генератордун болушу;

4) дарбазаларда, имараттарда, идиштерде жана башка товарлар менен транспорт каражаттары турган жерлерде бекитүүчү-кулпулоочу түзүлүштөрдүн болушу;

5) товарларды таразага тартуу үчүн таразага тартуунун ар түрдүү чектери бар таразалардын болушу;

6) "Нарын" ЭЭЧнын субъектисинин иштөө убактысы жана кызмат өтөө тартиби жөнүндө маалыматтарды чагылдыруучу маалымат тактасынын болушу.

52. Ишти жүргүзүүнүн ыңгайлуулугу максатында "Нарын" ЭЭЧнын субъектисинин аймагы жүктөөчү-түшүрүүчү техника (автожүктөгүчтөр, электржүктөгүчтөр жана электркарлар, механика арабачалары, крандар, тельферлер, көтөргүчтөр ж.б.у.с.) менен жабдыла алат.

53. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекитүүчү Бажылык текшерүү чөлкөмдөрүн түзүүнүн жана белгилөөнүн тартибине ылайык тосмонун маңдай жагында (дарбазанын кире беришинде же контролдук-өткөрмө пунктунун жанында) бажылык текшерүү чөлкөмүн билдирген мамлекеттик, расмий жана чет тилдердеги бекитилген формадагы белгилер илинүүгө тийиш.

---